**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ К.ДИКАМБАЕВ АТЫНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.22.659**

Кол жазма укугунда
**УДК: 327.8 (575.2) (043.3)**

**Канатбеков Эдиль Канатбекович**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДЫК КООМДУН ӨНҮГҮШҮНӨ САЯСИЙ МАДАНИЯТТЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар

**Саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2024**

**Иш К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин социология жана саясий-укуктар дисциплиналары кафедрасында аткарылды.**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Дононбаев Алим Донынбаевич** саясат илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин эл аралык мамилелер программасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Иманалиев Каныбек Капашович** саясий илимдердин доктору, Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасы<br>**Кангелдиев Азамат Нурказыевич** саясий илимдердин доктору, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинде проф.м.а. |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Кыргызстан Эл аралык университетинин окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин «Социалдык иштер жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасы |

Коргоо 2023-жылдын 10-декабрьнда Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык Академиясына жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетине караштуу Д 07.22.659 диссертациялык кеңешинин отурумунда саат 14.00дө. Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 36 дарегинде өтөт.

Онлайн режиминдеги диссертацияны коргоонун идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/072-ubw-1ue-e2e

Кандидаттык диссертация менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык Академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 36) жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинин (Бишкек ш., Киев көч., 44) илимий китепканасынан жана http: www.vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын «06» ноябрьнда жөнөтүлгөн.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы**
**тарых илимдеринин кандидаты,**
**профессор** **Джоробекова А.Э.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында жарандык коомдун өнүгүшүнө саясий маданияттын таасирин изилдөө теориялык жана эмпирикалык мааниге ээ. Саясий маданият өлкөдөгү саясий процесстердин маанисин, формасын жана алдын ала болжолдоого мүмкүнчүлүк берет жана саясий институттардын ишине түздөн-түз таасирин тийгизет. Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 33 жылындагы саясий тарыхында коогаландуу мезгил болуп, президенттердин, премьер-министрлердин алмашуусу, конституциялык өзгөртүүлөр, митингдер боюнча бардык постсоветтик өлкөлөрдөн озуп чыкты. Эмне үчүн өлкөдө мындай саясий процесстердин трансформациясы болду?

Негизги себептери эмне болду? Дал ушул суроолордун жооптору жарандардын саясий маданиятынын жана анын республикадагы жарандык коомго тийгизген таасиринин маңызында жатат жана бул изилдөөнүнүн актуалдуулугун түзөт. Саясий маданияттын өзгөчөлүктөрүн талдоо бүтүндөй өлкөнүн кийинки өнүгүү жолдорун моделдештирип, болжолдоого, мамлекеттин жана жарандык коомдун саясий системасына таасирин тийгизген маселелерди аныктоого мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, Кыргызстанда саясий маданиятты жарандык коомдун өнүгүшүн аныктоочу фактор катары изилдөө илимий изилдөөлөрдү гана эмес, коомду демократиялаштыруу жана модернизациялоо процесстерин түшүнүүгө чоң салым кошот. Ошону менен бирге республикада саясий жана социалдык-экономикалык стратегияларды иштеп чыгууда чоң өбөлгө болот.

Кандидаттык диссертациянын темасы билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан илимий-изилдөө иштери менен байланышат. Иште коюлган негизги жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасында саясий маданиятты өнүктүрүүгө жана жарандык коомду калыптандырууга багытталган эксперттик жана аналитикалык иште колдонууга болот.

**Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасында жарандык коомдун өнүгүшүнө саясий маданияттын таасирин ар тараптуу талдоо.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

- саясий маданияттын негизги концепцияларын иликтөөгө алуу;
- жарандык коом түшүнүгүнүн негизги теориялык ыкмалар аркылуу аныкталышын карап чыгуу;
- саясий маданияттын жарандык коомдун өнүгүшүнө тийгизген таасиринин теориялык- методологиялык негиздерин белгилөө;
- саясий маданият жана жарандык коомдун типологиялык мүнөзүн сыпаттоо жана талдоого алуу;
- Кыргыз Республикасында саясий маданияттын өнүгүшүнүн тарыхый динамикасын жана жарандык коомдун калыптануу процессин иликтөө;
- саясий маданияттын өзгөчөлүгүн талдоо жана жарандык коомдун өнүгүшүндөгү негизги маселелерди белгилөө;

- жарандык коомдун өнүгүшүнүн негизги маселелерин аныктоо;

- саясий маданиятты жакшыртууда жана жарандык коомдук өнүктүрүүдө мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын көрсөтүү;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иште саясий маданиятты изилдөөдө кыргыз коомчулугунун өнүгүшүнүн спецификасына басым жасоо менен теориялык-методологиялык негиздерине комплекстик анализ жасалды. Тактап айтканда, бул илимий изилдөөдө төмөнкүдөй иликтөөлөр жүргүзүлдү:

1. Батыш, советтик жана азыркы кыргыз илиминдеги саясий маданиятка карата теориялык мамилелер системалаштырылып, сын көз менен талданды.

2. Биринчи жолу жарандык коомдун маңызын аныктоого болгон мамилеге талдоо жүргүзүлдү: либералдык-демократиялык (индивиддердин өз алдынчалыгына басым жасоо менен), социал-демократиялык (мамлекет көзөмөлчү катары, элдин алдында жооп берет) жана ортодоксалдык (жарандык коом менен мамлекеттин бөлүнүшүн сындоо). Либералдык, критикалык, дисциплинардык, институттук жана системалык сыяктуу багыттарды камтыган изилдөөнүн негизги багыттары аныкталды.

3. Саясий маданиятты изилдөөнүн оригиналдуу комплекстүү методологиясы иштелип чыкты, анын негизинде геосаясий жана цивилизациялык-маданий ыкмалардын айкалышы, контент-анализ, социологиялык сурамжылоо жана дисциплиналар аралык синтез жүргүзүлдү. Бул Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүшүнө саясий маданияттын таасиринин терең катмарларын аныктоого мүмкүндүк берди.

4. Кыргызстандын азыркы саясий маданиятынын жана жарандык коомунун типологиясы аныкталган.

5.Демократиялык фасад менен авторитардык практиканы айкалыштырган азыркы Кыргызстандын карама-каршы саясий маданиятынын калыптанышына тарыхый шарттардын (көчмөндөрдүн каада-салты, колониализм, советтик мурас) тийгизген таасири системалуу түрдө изилденди. Кыргыз Республикасында эгемендүүлүк алгандан тартып азыркы учурга чейинки жарандык коомдун калыптануу процессине ар тараптуу талдоо жүргүзүлүп, негизги этаптары аныкталды. Ошондой эле жарандык коомду өнүктүрүүнүн негизги проблемалары болуп төмөнкүлөр саналат: калктын саясий маданиятынын төмөн деңгээли; мамлекеттик органдардагы коррупция; мамлекет менен жарандык коомдун начар байланышы; калыптанбаган орто класс.

6. Кыргызстандын саясий маданиятынын негизги көйгөйлөрү аныкталды: саясий системанын туруксуздугу, кош стандарттар, демократиялык институттардын алсыздыгы, батыштык жана салттуу баалуулуктардын кагылышы белгиленди.

7. Жарандык коомду өнүктүрүү үчүн Кыргызстандын саясий маданиятын жогорулатууга инновациялык ыкма сунушталды. Мыйзамдык базаны чыңдоо, мамлекеттик кызматкерлерди окутуу, орто тапты жана БӨУларды колдоо, жаштардын саясий катышуусун өнүктүрүү, бийлик менен коомдун диалогу

үчүн каналдарды түзүү боюнча конкреттүү практикалык сунуштар иштелип чыкты. Аларды этап-этабы менен ишке ашыруунун мүмкүнчүлүктөрдү аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Иштин теориялык жоболору жарандык коомду калыптандырууда саясий маданияттын ролун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Диссертациянын корутундулары иштелип жаткан тема боюнча мындан аркы изилдөөлөр үчүн негиз боло алат. Изилдөөнүн натыйжалары жогорку окуу жайларында атайын курстарды, семинарларды жана курстарда – саясат таануу, социология, тарых жана саясий маданият дисциплинасын даярдоо процессинде колдонуга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Саясий маданияттын негизги түшүнүктөрү болуп төмөнкүлөр саналат: Структуралык функционализм: саясий маданиятты саясий системанын интеграциясына жана иштешине көмөктөшүүчү нормалардын, баалуулуктардын жана ишенимдердин контекстинде карайт. Бихевиорализм: Адамдардын саясий багыттарын, мамилелерин жана иш-аракеттерин алардын социалдык чөйрөсү, окуусу жана саясий институттар менен болгон өз ара аракеттенүүсү аркылуу изилдөө. Интерпретационизм: Саясий маданиятта субъективдүү маанилердин жана символдордун маанисине басым жасайт. Маданий мамиле: саясий аң-сезимге жана жүрүм-турумга таасир этүүчү маданий аспектилерге басым жасалат.

2. Жарандык коом демократиялаштыруу процессинде жарандардын укуктарын коргоо, алардын саясий активдүүлүгүн жогорулатуу жана бийликти бекемдөөдө негизги ролду ойнойт. Мыйзамдуулукту чыңдоо, билим берүүнү өнүктүрүү, демократиялык принциптерди тарбиялоо, социалдык көйгөйлөрдү чечүү, инсандын жана коомдун өзүн-өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн түзүү сыяктуу функцияларды аткарат.

3. Азыркы мезгилдеги кыргыз коомунун саясий маданиятынын типологиясы тарыхый жактан калыптанган субъект-патриархалдык салттар менен жарандык демократиялык баалуулуктар системасынын карама-каршылыгы менен мүнөздөлөт.

4. Тарыхый шарттар, анын ичинде салттуу маданият, Россия империясынын жана СССРдин таасири Кыргызстандын саясий маданиятын калыптандырууда, саясий түзүлүшкө жана коомдук маанайга жаңы элементтерди жана өзгөрүүлөрдү киргизүүдө чоң роль ойногон.

5. Кыргызстанда жарандык коомдун пайда болушу саясий бурулуштар менен тыгыз байланышат, тактап айтканда, 2005, 2010 жана 2020-жылдардагы бийликтеги өзгөрүүлөр жарандык активдүүлүктүн күчтүүлүгүн баса белгилеп, ошол эле учурда анын аярлуулугун көрсөтө алды. Мындай көйгөйлөр: калктын саясий маданиятынын төмөндүгү; мамлекеттик органдардагы коррупция; мамлекет менен жарандык коомдун начар байланышы; калыптана элек орто класс жарандык коомдун натыйжалуулугуна жана өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет.

6. Кыргызстандын саясий маданиятынын азыркы абалы салттуу сапаттардын, ишенимдердин, архетиптердин, стереотиптердин жана нормалардын батыш практикасынан алынган элементтер менен уникалдуу айкалышы менен мүнөздөлөт, Чыгыш жана Батыш таасирлеринин өзгөчө жана татаал аралашмасын түзүүдө. Кыргызстандын саясий маданиятынын негизги маселелери: саясий системанын туруксуздугу, кош стандарттар, демократиялык институттардын алсыздыгы, батыштык жана салттуу баалуулуктардын кагылышы.

7. Кыргызстандын азыркы саясий маданияты – бул салттуу сапаттардын, стереотиптердин жана нормалардын батыш практикасынан алынган элементтер менен уникалдуу айкалышы, чыгыш жана батыш таасирлеринин өзгөчө жана татаал аралашмасын түзөт. Кыргызстандын саясий маданиятынын негизги көйгөйлөрү аныкталган: саясий системанын туруксуздугу, кош стандарттар, демократиялык институттардын алсыздыгы, батыштык жана салттуу баалуулуктардын кагылышы.

8. Саясий маданиятты жогорулатууга жана жарандык коомдун өнүгүшүнө жетишүү үчүн төмөнкү багыттарды ишке ашыруу зарыл: жарандык коомдун саясий чечимдерди кабыл алууга катышуусу үчүн шарттарды түзүү; мамлекеттик кызматкерлердин саясий маданиятын өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасын өркүндөтүү; мамлекеттик органдардын ишине мониторинг жүргүзүү механизмдерин иштеп чыгуу; орто классты түзүүгө багытталган жарандык демилгени жана ишкердикти колдоо; саясий процесстер жөнүндө калктын билим деңгээлин жана маалымдуулугун жогорулатуу; демократиялык институттарды жана баалуулуктарды бекемдөө; «Кыргыз жараны» концепциясын жаңы кайра түзүүлөрдүн контекстинде ишке ашыруу.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Кандидаттык диссертацияны жазууда архивдик жана гезиттик материалдар, эл аралык уюмдардын баяндамалары, илимий-практикалык конференциялардын, тегерек столдордун материалдары жана социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, маалымат агенттиктеринин жана массалык маалымат каражаттарынын материалдары пайдаланылган. Жарандык коомдун өнүгүшүндө саясий маданияттын маанилүүлүгү негизделет. Саясий маданияттын жана жарандык коомдун өнүгүшүнө таасир этүүчү негизги факторлор аныкталды. Кыргызстандагы саясий маданияттын жана жарандык коомдун абалы иликтенди. Саясий маданияттын жана жарандык коомдун өнүгүшүнө таасир этүүчү негизги көйгөйлөр аныкталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы.** Кандидаттык диссертациянын мазмуну Жаш окумуштуулардын ««Этнорелигиозный фактор в политических процессах на современном Востоке» (Россия)» аттуу эл аралык илимий-практикалык онлайн-семинарында, ошондой эле «Актуальная Евразия»: Том II. — Санкт-Петербург: Университет при МПА ЕврАзЭС, 2024 г.

(Серия «Евро-Азиатские исследования») аттуу жамааттык монографияда чагылдырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын мазмуну жана негизги жоболору 11 публикацияда чагылдырылган: чет элдик РИНЦ журналында - 1 публикация (Россия); КР ЖАК сунуштаган илимий мезгилдүү басылмаларда – 7 илимий макала, ошондой эле Кыргызстандагы башка рецензияланган басылмаларда 3 макала жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, 7 бөлүмчө камтыган үч баптан, 8 таблицадан, 4 диаграммадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен (200 булак) турат. Иштин жалпы көлөмү – 175 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык жана экономикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы жана жайылыш берилди.

«**Саясий маданияттын жана жарандык коомду изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталган биринчи баптын «Саясий маданияттын негизги түшүнүктөрү» деген биринчи бөлүмүндө саясий маданият маселесин изилдөөнүн тереңдиги жөнүндө түшүнүк берген кеңири анализ берилет. Батыштык, советтик, орусиялык жана кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде саясий маданият концепциясынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын карап, жарандык коом концепциясынын призмасында түрдүү илимпоздордун өзөктүү мамилеси жана көз караштары баса белгиленет. Аталган бөлүм саясий маданият концепциясына негиз салган батыш философтору менен ойчулдарынын эмгектерин кароо менен башталат. Саясий маданият терминин киргизген И.Г.Гердердин, М.Вебердин коомдук аракеттин идеалдуу түрлөрү жана саясий лидерлик концепциялары менен, улуттук мүнөзгө басым жасаган К.Мерриам, М.Миддин идеялары сыпатталат.

«Жарандык маданият» деген фундаменталдык эмгегинде саясий маданияттардын структуралык-функционалдык мамилесин жана типологиясын көрсөткөн Г.Алмонд менен С.Вербанын эмгектери талдоого алынган. Мындан тышкары, С.Хантингтондун («Цивилизациялардын кагылышы») маданий мамилеси, К.Гирцтин интерпретациялоочу концепциясы, С.Липсеттин жана Р.Инглехарттын социологиялык көз караштары, ошондой эле концепцияны түрдүү алкактар аркылуу кароо каралат. Мисалы, саясий социалдаштыруу, таптык концепция, саясий прогресс, саясий субмаданияттар жана коммунитардык теория.

Советтик саясий илимге көп көңүл бурулат, бул жерде саясий маданиятты изилдөө маркстик-лениндик методологиянын призмасы аркылуу ишке ашырылган, муну Ф.М.Бурлацкийдин, М.Т.Иовчуктун, Л. Коган жана башкалар. Кийинчерээк, постсоветтик доордо кеңири методологиялык ыкмаларды кабыл алуу жана Ю.С.Пивоваровдун, Е.Я.Баталовдун, Г.Л.Тулчинскийдин, С.С.Неретинанын, А.П.Огурцовдун, А.Д.Воскресенскийдин жана башка авторлор изилдөөгө алышкан.

Кыргыз изилдөөчүлөрүнүн саясий маданиятты изилдөөгө кошкон салымын талдоого олуттуу көңүл бурулат. Тактап айтканда, А.Дөнөнбаевдин саясий маданияттын “баш ийүү”, “жарандык” менен байланышы жөнүндөгү ой-пикирлери, ошондой эле эл аралык мамилелердин контекстинде саясий маданиятка карата көз караштары кеңири каралат. Мындан тышкары, Б.М.Төрөгелдиеванын Кыргызстандын саясий маданиятындагы сегментация жана салттуулук жана аны модернизациялоо жөнүндөгү концепциялары каралат. Ошондой эле И.Э.Мирсаитовдун, М.С.Егиналиеванын, Б.Т.Джамангозовдун ж.б. окумуштуулардын изилдөө ыкмалары баяндалат.

Саясий маданияттын ата мекендик теориясы али өнүгүүнүн алгачкы этабында тургандыгы белгиленет, ошондуктан методологиялык маселелерди чечүү жана талдоонун тиешелүү инструменттерин иштеп чыгуу үчүн мындан аркы изилдөөлөр талап кылынат.

**«Жарандык коом түшүнүгүн аныктоонун негизги теориялык ыкмалары»** аттуу *экинчи бөлүмдө* жарандык коом концепциясын аныктоодогу негизги теориялык мамилелер” деген экинчи бөлүмдө автор жарандык коом концепциясына теориялык мамилелерди талдап, анын байыркы доордон азыркы заманга чейинки эволюциясын карайт. Автор үч негизги мезгилди аныктайт: антикалык доор, Ренессанс жана азыркы заман. Антикалык доордо жарандык коом түшүнүгү Аристотель, Цицерон сыяктуу философтордун эмгектери аркылуу калыптанган, бирок мамлекет менен коомдун ортосундагы так айырма пайда боло элек.

Кайра жаралуу жана агартуу доорунда Локк жана Руссо сыяктуу ойчулдар тарабынан иштелип чыккан инсандын укуктары жана эркиндиктери концепциясы пайда болуп, жарандык коомдун жеке автономия чөйрөсү катары пайда болушуна салым кошкон. XX кылымдын экинчи жарымында глобалдашуу жана эл аралык бейөкмөт уюмдар пайда болуп, жарандык коомго глобалдык демократиялаштыруу аракеттеринде олуттуу роль ойногон.

Автор жарандык коомдун маңызын аныктоодо ар кандай ыкмаларды, анын ичинде либералдык-демократиялык (индивидуалдык автономияга басым жасоо), социал-демократиялык (мамлекетти элдин алдында жоопкерчиликтүү деп кароо) жана ортодоксалдык (жарандык коом менен мамлекеттин бөлүнүшүн сындаган) карайт. Изилдөөнүн негизги багыттары либералдык, критикалык, дисциплиналар аралык, институттук жана системалык

мамилелерди камтыйт. Либералдык салт инсандын эркиндигине басым жасаса, критикалык салт жарандык коомдун ишиндеги карама-каршылыктарды карайт.

Демократиялаштыруу процесстеринде жарандык коомдун ролуна өзгөчө көңүл бурулат, өзгөчө өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдө, ал демократиялык кайра куруунун негизи катары кызмат кылат. Текстте ошондой эле кыргыз саясат таануусунда жарандык коомду мамлекет менен жарандардын өз ара аракеттенүү механизми катары карап, коммуникативдик мамиле калыптанган уникалдуу түшүнүк талкууланат. Мындан тышкары, социомаданий мамиле жарандык коомдун өнүгүшү менен кыргыз маданиятынын көчмөн салттарынын ортосундагы байланышты белгилейт.

Автор жарандык коомдун укук тартибин камсыз кылуу, билим берүү, жарандардын укуктарын коргоо, социалдык көйгөйлөрдү чечүү жана мамлекеттик органдардын ишмердигин көзөмөлдөө сыяктуу функцияларына басым жасаган. Жыйынтыктап айтканда, жарандык коом коомдук прогресстин кыймылдаткыч күчү болуп саналат, жарандардын кызыкчылыктарын коргойт жана алардын өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзөт деп айтылат. Мындан тышкары, XX кылымда мыйзамдын үстөмдүгүн жана демократиялык принциптерди ишке ашырууга көмөктөшүүчү тең салмактуулук тутумунун ролун аткарат.

**«Методология жана изилдөөнүн методдору» аттуу экинчи бапта** саясий маданиятка жарандык коом түшүнүгүнүн призмасы аркылуу талдоо жүргүзүлөт.

*Биринчи бөлүмдө* төмөнкүлөр баяндалат: Изилдөөнүн объектиси жана предмети: Изилдөөнүн объектисин азыркы шарттарда Кыргыз Республикасынын жарандык коомунун саясий маданияты түзөт. Башкача айтканда, тарыхый өнүгүүнүн азыркы этабында Кыргызстандын саясий системасына жана саясий процесстерине карата жарандардын мамилесин аныктаган баалуулуктардын, багыттардын, мамилелердин, салттардын, стереотиптердин жыйындысына басым жасалат.

Изилдөөнүн предмети саясий маданияттын өзгөчөлүктөрү жана анын Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүшүнө тийгизген таасиринин даражасы болуп саналат. Башкача айтканда, калыптанып калган саясий маданияттын спецификалык өзгөчөлүктөрү иликтенип, өлкөдө калыптанган жарандык коомдун калыптанышына кандай таасир этерии жана бул процесске кандай салым кошуп же тоскоолдук кылып жатканы талданат.

Колдонулган материалдар: Изилдөө булактардын кеңири спектрин камтыйт: архивдик документтер, эл аралык уюмдардын басылмалары, ЖМКнын материалдары, социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, илимий конференциялар жана тегерек столдор, ченемдик-укуктук актылар, изилденип жаткан маселелер боюнча ата мекендик жана чет элдик авторлордун

эмгектери. Маалыматтардын мындай чоң массивдери теманы ар тараптуу изилдөөгө мүмкүндүк берди жана алынган корутундулардын ишенимдүүлүгүн жогорулатты.

Изилдөө гипотезасы: салттуулук, көчмөн жашоо образы, Россия империясынын жана СССРдин таасири, ошондой эле модернизация процесстери сыяктуу тарыхый, социалдык-саясий жана маданий факторлордун таасири астында калыптанган кыргыз коомунун саясий маданияты. Кыргызстанда жарандык коомдун өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Ошол эле учурда бул саясий маданияттын кээ бир элементтери, мисалы, демократиялык салттардын начардыгы, коррупция жана кландык көрүнүштөр жарандык коомдун калыптанышына жолтоо болот.

Бул гипотезанын негизи бир нече пункттар менен тастыкталат:

1. Кыргызстандын саясий маданиятынын калыптанышы тарыхый шарттар, салттуу маданият, көчмөн турмуштун таасири, ошондой эле Россия империясына жана СССРге интеграцияланышы менен ажырагыс байланышат.

2. Ал салттуу жана батыштык элементтерди айкалыштырган заманбап саясий маданияттын татаал, көп кырдуу мүнөзүн тааныйт.

3. Жарандык коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон саясий маданияттын ар кандай көйгөйлөрү, анын ичинде коррупция жана тууганчылыктар аныкталган.

4. Саясий маданият коомдун мамлекеттин ички жана тышкы саясатын түшүнүүсүн калыптандырат деп болжолдонот.

Методологиялык ыкмалар: методологиялык негиз катары геосаясий жана цивилизациялык-маданий ыкмалар тандалды. Аталган ыкмалар аркылуу географиялык шарттардын, мамлекет менен коомдун карым-катышынын тарыхый тажрыйбасынын, кыргыз этникалык тобунун өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында маданий салттардын жана баалуулуктардын таасири астында саясий маданияттын калыптанышын жана эволюциясын байкоого болот. Ошону менен бирге бул көрүнүш изилденип жаткан кубулушту ар тараптуу түшүнүүгө шарт түзөт.

Изилдөө методдору: саясий маданияттын өнүгүшүнүн генезисин жана өзгөчөлүктөрүн хронологиялык тартипте изилдөөнүн тарыхый методу; логикалык ой жүгүртүүнүн жардамы менен изилденүүчү маселени системалуу түрдө түшүнүү үчүн анализдин логикалык ыкмасы; саясий маданияттын абалы менен жарандык коомдогу процесстердин ортосундагы байланыштарды аныктоонун себеп-натыйжа ыкмасы; индукция жана дедукция конкреттүү фактыларга негизделген жалпы тыянактарды алуу жана конкреттүү учурларга жалпы теорияларды колдонуу ыкмалары катары; документтердин жана ЖМКнын материалдарынын мазмунун талдоо; изилденүүчү объектини өз ара байланышкан элементтердин жыйындысы катары караган системалык мамиле; саясий маданияттын институттук формаларын изилдөө үчүн структуралык-функционалдык жактан талдоо; ар түрдүү тармактардагы билимдердин дисциплиналар аралык синтези колдонулду.

Ошентип, бул бапта диссертациялык иштин методологиялык куралдары кеңири баяндалып, анын негизги компоненттери ачылып, Кыргызстандагы саясий маданияттын жарандык коомго тийгизген таасирин изилдөөдөгү орду көрстүлөт.

**«Саясий маданияттын жана жарандык коомдун типологиялык мүнөздөмөлөрү»** аттуу бөлүмүндө жарандык коом концепциясын иштеп чыгуунун негизги этаптары жана анын саясий маданияттын калыптанышына тийгизген таасири каралат. Саясий маданияттын өнүгүү тарыхы жарандык коом жөнүндөгү идеялардын эволюциясы менен тыгыз байланышта экени белгиленет. Жарандык коомдун саясий маданиятынын өнүгүшүнүн үч мезгили көрсөтүлөт: 1) Баш ийүүнүн саясий маданиятын камтыган байыркы жана орто кылымдар; 2) жарандык маданиятка өткөн Ренессанс жана Реформация мезгили; 3) жарандык коом түшүнүгү эл аралык масштабга ээ болгон 20-кылымдын экинчи жарымы.

«Коом» жана «жарандык коом» түшүнүктөрүн айырмалоо маанилүү. Жарандык коомду саясий турмушка катышкан активдүү жана демилгелүү жарандардан турган коомдун бир бөлүгү катары түшүнүүгө болот. Жарандык коомдун аныктамасы анын социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук табиятын мүнөздөгөн сапаттык мүнөздөмөлөр аркылуу чагылдырылат.

Г.Алмонд жана С.Верба сунуштаган саясий маданияттын парохиалдык, субъектилик жана катышуучу типтери, ошондой эле алардын аралаш формалары талданат. Өнүккөн демократиялык өлкөлөр үчүн оптималдуу тип катары “жарандык маданиятка” өзгөчө көңүл бурулат. Классикалык типологияга башка изилдөөчүлөр тарабынан жасалган толуктоолор кирет.

Изилдөө жарандык коомдун түзүлүшүнө жана иштешине олуттуу таасирин тийгизген негизги типологиялык мүнөздөмөлөрдү карайт. Биринчиден, жарандык коом коммерциялык эмес уюмдар жана профсоюздар сыяктуу ар кандай социалдык топторду жана уюмдарды камтыйт, алар коомдун ар кандай катмарларынын кызыкчылыктарын билдирет жана жарандардын өз оюн билдирүү жана демократиялык процесске активдүү катышуу үчүн аянтча болуп саналат.

Экинчиден, саясий маданият жарандардын саясий процесстерге катышуу деңгээлин аныктоодо чечүүчү ролду ойнойт, жаңы технологияларга жооп катары өнүгөт, ошону менен жарандардын саясий турмушка жана мамлекет менен өз ара аракеттенүүгө тартылуусунун өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Үчүнчү аспект жарандык коом менен мамлекеттик түзүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсүнө байланыштуу, ал тарыхый контекстке жана өлкөнүн саясий тутумуна жараша кызматташуу динамикасы же тирешүү түрүндө көрүнүшү мүмкүн.

Изилдөө ошондой эле жарандык коомдо маданий, экономикалык жана социалдык шарттары менен айырмаланган ар кандай социалдык-маданий кызыкчылык топторунун бар экендигин баса белгилейт. Перспективалардын жана мамилелердин плюрализми социалдык көйгөйлөрдү тереңирээк талдоого жана натыйжалуу чечүүгө жардам берет. Демек, изилдөө жарандык коомдун иштешин түшүнүү үчүн ушул мүнөздөмөлөрдүн маанилүүлүгүн баса белгилейт.

**«Кыргыз Республикасында жарандык коомдун калыптанышындагы саясий маданияттын ролу»** деген үчүнчү баптын биринчи бөлүмүндө **“**Саясий маданияттын калыптанышынын тарыхый контексти жана жарандык коомдун калыптануу процессине” көңүл бурулат. Көчмөн турмуштун кыргыз элинин баалуулуктарынын, каада-салттарынын жана саясий пейзажынын калыптанышына тийгизген таасири талданат. Көчмөндөрдүн жашоо образы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүн, бийликтин борборлоштурулган даражасын жана социалдык топтордун ортосундагы мамилелерди жаратканы баса белгиленет.

Кыргызстандын саясий маданиятына түрк-монгол таасири, ислам жана советтик коммунизм сыяктуу түрдүү маданий агымдардын тийгизген таасири каралат. XIX кылымда XX кылымдын башында өлкөнүн аймагы Россия империясынын курамында болгондугу, бул аймактын экономикалык жана саясий өнүгүшүнө да таасирин тийгизгени белгиленет.

Секуляризация, борборлоштуруу жана коллективдештирүү саясаты ишке ашырылган совет дооруна терең көңүл бурулат. Анда бул саясат өлкөдөгү саясий маданиятка жана коомдук мамилелерге кандай таасир эткени талданат. Саясий маданиятты калыптандырууда салттуу кыргыз маданиятынын, элдин баалуулуктарынын жана дүйнө таанымынын ролу изилденет. Заманизм концепциялары жана акын-демократтардын дүйнө таанымы кыргыз элинин этикалык-философиялык ой жүгүртүүсүнүн чагылышы катары талкууланат.

Кыргызстанда жарандык коомдун өнүгүшүнө уруулук мамилелердин жана кландык аң-сезимдин таасири сын көз менен каралат. Саясий жана жарандык баалуулуктардын бирдиктүү системасына негизделген жаңы улуттук саясатты иштеп чыгуу зарылчылыгы баса белгиленет.

Кыргызстандын саясий маданияты ар кандай тарыхый окуялардын, анын ичинде салттуу көчмөндөрдүн жашоо образынын жана орус колониялык башкаруусунун таасири астында калыптанганы белгиленген. Салттуу баалуулуктарды сактоо менен жарандык коомдун заманбап демократиялык институттарын өнүктүрүүнүн ортосундагы балансты табуу зарылчылыгы жөнүндө жыйынтык чыгарылат.

Мындан тышкары, изилдөөдө Кыргызстанда 1991-жылы көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып жарандык коомдун өнүгүүсүнүн ар

тараптуу баяндамасы берилген жана анын эволюциясын чагылдырган бир нече негизги этаптар көрсөтүлгөн. Баштапкы мезгил коммерциялык эмес секторду өнүктүрүүнү жана демократиялык баалуулуктарды жайылтууну жактаган эл аралык уюмдардын жана чет элдик донорлордун Активдүү таасири менен мүнөздөлөт. Бирок, ушул этапта жарандык коомдун өнүгүшү экономикалык туруксуздуктун жана саясий белгисиздиктин шартында жүрөт, бул анын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет.

Изилдөөдө Кыргызстандагы жарандык коомдун тарыхындагы эң маанилүү этаптарга, анын ичинде 2005 жана 2010-жылдардагы жарандык активдүүлүктүн жана коомдун өзүн-өзү уюштуруусунун жогорку деңгээлин күбөлөндүргөн элдик революцияларга сын көз менен баа берилет. Бирок, бул окуялар структуралык көйгөйлөрдү, анын ичинде жарандык сектордун фрагментациясын жана тышкы каржылоо булактарына көз карандылыкты ачып берди.

Кыргызстанда мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы татаал жана карама-каршы мамилелер биринчи планга чыгып, бийлик көз карандысыз бейөкмөт уюмдарды колдоорун жарыялоо менен бирге алардын ишмердүүлүгүн чектөөгө аракет кылууда, айрыкча адам укуктары чөйрөсүндө. Бул динамика ишенбөөчүлүк атмосферасын түзүп, конструктивдүү диалогго тоскоол болууда.

Бөлүмдө ошондой эле жарандык коомдун заманбап көйгөйлөрү каралат: көп сандаган ӨЭУлардын финансылык туруксуздугу, алардын гранттарга көз карандылыгы, кесипкөйлүктүн жана институционалдык өнүгүүнүн жетишсиз деңгээли, ошондой эле мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттешүүдөгү кыйынчылыктар.

